**Тоң аймактык шайлоо комиссиясынын отурумунун 28-январь 2018-жылдагы Кажы-Сай айылдык кенешинин депутаттарын шайлоо боюнча жыйынтыктоо**

**№ 3 ПРОТОКОЛУ**

**1-февраль 2018-жыл** **Бөкөнбаев айылы.**

**Катышышты:**

Абдыкеримов Р. – АШКнын төрагасы.
Урмамбетов Д.К.- АШКнын катчысы.
Болгонбаев Н. –АШКнын мүчөсү.
Качкынова Н.–АШКнын мүчөсү.
Айбек кызы А.–АШКнын мүчөсү
Баястанова А.–АШКнын мүчөсү.
Мусабаев У. – АШКнын мүчөсү.
Жаналиева М.–АШКнын мүчөсү
Рыскулов Н. – АШКнын мүчөсү.
Акунов Т. – АШКнын мүчөсү.

**Күн тартиби:**

**1.** Добуш беруунун жыйынтыктарын чыгаруу. Кажы-Сай айылдык кеңешинин депутаттарын шайлоонун натыйжалары жөнүндө протоколдорду түзүү жана аныктоо.

**2**. Аймактык шайлоо комиссиясына келип тушкон арыздар жана даттануулар кароо жонундо.

**Кун тартибиндеги 1-маселе боюнча: Р.Абдыкеримов** билдируу жазап, участкалык шайлоо комиссияларынын бардык протоколдору туура тузулгондугун жана алдын ала текшерилип чыккандыгын айтты. Протоколдордо эч кандай каталыктар аныкталган жок экендигин белгиледи.

**Кун тартибиндеги 2-маселе боюнча Д.Урмамбетов чыгып суйлоп томондогулорго токтолду:** Аймактык шайлоо комиссиясына “Демократия жана жарандык коом учун коалициясы” коомдук бирикмесинин байкоочусу З. Оторбаева тарабынан тушкон эки даттануунун мазмуну менен комиссиянын мучолорун тааныштырды. Даттануунун мазумунунда Кажы-Сай айыл аймагынын жоопту катчысы Дуйшобаева Тюльпан Жунушова №3207 учаскалык шайлоо комиссиясынын ишине тоскоол жаратып жатты деп жазылган. Ал эми экинчи даттануусунда ушул эле участкалык шайлоо комиссиясынын ГРС оператору Н. Толонгутов УШКнын ишине тоскоолдук жаратты деп кайрылган. Д.Урмамбетов бул даттанууларды Кажы-Сай айылдык кенешинин депутаттарынын шайлоосунун добуштарынын жыйнтыгына эч кандай таасири тийбегендигин айтты. Ошондой эле даттануулар боюнча Т.Дуйшобаева боюнча Тон районунун мамлекеттик администрациясына, Н.Толонгутов боюнча Тон райондук жерге жайгаштыруу жана кыймылсыз мулкту катто кызматына чара коруу боюнча кат жолдонгондугун жана алар тарабынан берилген жооп “Демократия жана жарандык коом учун коалициясы” коомдук бирикмесинин байкоочусу З. Оторбаевага билдирилсин деп айтты.

Ал эми аймактык шайлоо комиссиясына 31.01.2018-жылы тушкон арыздар боюнча **Тон АШКнын мучосу У.Мусабаев чыгып суйлоп,** Дуйшобаева Тюльпан Жунушовна жана Байгазиева Назгул “№2-шайлоо округуна депутаттыка талапкер Байгазиева Чынара №3208 участкасынын жанында шайлоо куну мыйзамсыз угут жургузду деген арыздардын мазмуну менен тааныштырды. Бул арызда корсотулгон фактылар шайлоо куну башкача айтканда 28-январь куну бул боюнча актылар тузулбогондугу жана далилдери жок экендигин эске алынсын деди. Бул арыздар дагы Кажы-Сай айылдык кенешинин депутаттарынын шайлоосунун добуштарынын жыйнтыгына эч кандай таасири тийбегендигин белгиледи.

Эгерде биздин чечимге макул болбосо “Жергиликтуу кенештердин депуттарын шайлоо жонундогу” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 43-беренесине ылайык укук коргоо органдарына даттанууга укуктуу экендигин айтты. Тоң аймактык шайлоо комиссиясынын төмөндө көрсөтүлгөн чечими бир добуштан кабыл алынды.

**Р.Абдыкеримов** тузулгон протоколдорго кол коюу процессине отуу керек экендигин билдирди.

“Жергиликтуу кенештердин депуттарын шайлоо жонундогу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 36, 43-беренелерин жетекчиликке алып, жогоруда баяндалгандарды угуп жана талкуулап, Тоң аймактык шайлоо комиссиясы

**Чечим кылат:**

1. “Демократия жана жарандык коом үчүн коалициясы” коомдук бирикмесинин байкоочусу З. Оторбаева тарабынан Кажы-Сай айыл аймагынын жоопту катчысы Дуйшобаева Тюльпан Жунушовна №3207 учаскалык шайлоо комиссиясынын ишине тоскоол жараткандыгы тууралуу түшкөн арызы канааттандырылып, Тон районунун мамлекеттик администрациясы тарабынан Кажы-Сай айыл аймагынын жоопту катчысы Дуйшобаева Тюльпан Жунушовнага ооз эки эскертүү берилгендиги эске алынсын.
2. “Демократия жана жарандык коом үчүн коалициясы” коомдук бирикмесинин байкоочусу З. Оторбаева тарабынан №3207 учаскалык шайлоо комиссиясынын оператору Н. Толонгутов УШКнын ишине тоскоолдук жараткандыгы жөнүндө түшкөн арызы жарым жартылай канааттандырылып Тон райондук жерге жайгаштыруу жана кыймылсыз мулкту катто кызматы тарабынан Н. Толонгутовго эскертүү берилгендиги эске алынсын.
3. Дуйшобаева Тюльпан Жунушовна жана Байгазиева Назгул “№2-шайлоо округунан депутаттыка талапкер Байгазиева Чынара №3208 шайлоо участкасынын жанында шайлоо куну мыйзамсыз угут жургузду деген арыздарында далилдердин жоктугуна байланыштуу канааттандыруудан баш тартылсын.
4. Аймактык жана участкалык шайлоо комиссияларынын мучолорунун озгочо пикирлери жок экендиги белгиленсин.
5. Арыз, даттануулар Кажы-Сай айылдык кенешинин депутаттарынын шайлоосунун добуштарынын жыйынтыгын чыгарууга эч кандай таасири тийбегендиги белгилесин.
6. Бул чечим арыз, даттануу жазган тараптарга жиберилсин. Чечимге макул болбогон тараптар “Жергиликтуу кенештердин депуттарын шайлоо жонундогу” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 43-беренесине ылайык тиешелуу органдарга кайрылууга укутуу экендиги белгиленсин.
7. Аймактык шайлоо комиссиясынын, участкалык шайлоо комиссиясы тарабынан добуш беруунун жыйынтыктары жонундо протоколунун биринчи нускасы, айылдык кеңешинин депутаттарын шайлоонун натыйжалары жөнүндө протоколдорду БШКга жиберилсин. (тиркелет).
8. Тон аймактык шайлоо комиссиясынын Кажы-Сай айылдык кенешинин депутаттарын шайлоонун жыйынтыктары жонундо протоколун бекитип беруу жагы Борбордук шайлоо комиссиясынан суралсын. (тиркелет).
9. Бул чечимди көзөмөлгө алуу жана аткаруу жагы Тоң АШКнын катчысы Д. Урмамбетовго жуктолсун.

**АШКнын төрагасы:** **Р.Абдыкеримов**

**Катчысы:** **Д. Урмамбетов**